Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

Математика институту

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

Д 01.19.598 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

УДК 517.9

Бугубаева Жумгалбүбү Тукеновна

Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык теңдемелерин жакындаштырып чыгаруу

01.01.02 – дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу

Физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алынуучу диссертациянын автореферати

Бишкек – 2021

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин колдонмо информатика кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчи: **Каракеев Таалайбек Тултемирович,** физика-математика илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин маалымат технологиялары жана программалоо кафедрасынын профессору

Расмий оппоненттер: **Каденова Зууракан Ажимаматовна**, физика-математика илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Математика институтунун тескери маселелер теориясы лабораториясынын башчысы

Токтосунов Мирбек Бердибекович, физика-математика илимдеринин кандидаты, «Манас» Кыргыз-Түрк университетинде доценттин милдетин аткаруучу.

Жетектөөчү мекеме:. Маалыматтык системалар жана программалоо кафедрасы, Ош мамлекеттик университети, 723500, Кыргызстан, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331.

Диссертацияны коргоо 2022-жылдын 21-январында саат 14:00до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Математика институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы физика-математика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 01.19.598 Диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт. Дареги: Кыргызстан, 720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти 265-а, 374 - кабинет.

Коргоонун коду: – https://vc.vak.kg/b/d_0-rfx-t49-bvj

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, 720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти 265-а жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, 720033, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү 547 китепканаларынан жана Улуттук илимдер академиясынын Математика институтунун www.math.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 20 декабрында таркатылган.

Диссертациялык кенештин
окумуштуу катчысы, ф.-м.и.к., доцент Шаршембиева Ф. К.

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Вольтерранын интегралдык теңдемелери астрономия, биология жана экология, электродинамика жана механиканын маселелеринде кеңири колдонулат. Негизги процесстери Вольтерранын биринчи, экинчи жана үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелери аркылуу модуляцияланган улам жаңы тармактар пайда болууда.

Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелери математикалык биологияда, теплофизикада, нымдуулукту өткөрүү теориясында маанилүү колдонмого ээ болгон жекече туундулуу дифференциалдык тендемелери үчүн тескери жана локалдык эмес четтик маселелердин кеңири классын изилдөөдө пайда болот.

Вольтерранын биринчи жана үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелеринин теориясында изилдөөнүн эң эффективдүү методу болуп А. Н. Тихоновдун (1986) жана М. М. Лаврентьевдин (1980) эмгектеринде негиздери түзүлгөн регулярдаштыруу методдору саналат.

Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелеринин чыгарылуу шарттары жана регулярдаштыруу методдору Л. И. Панов (1967), Я. Янно (1987), Н. А. Магницкий (1979), А. М. Нахушев (1974), Р. Т. Sato (1953), S. S. Allaei, Z. W. Yang, H. Brunner (2015), P. Grandits (2008), А. Асанов (1994), С. Искандаров (1998), К. Алымкулов (1992), А. Б. Байзаков (2017), К. Б. Бараталиев (2004), Т. Д. Омуров (2003), Т. Т. Каракеев (2003), М. В. Булатовдун (2002) ж.б. эмгектеринде изилденген. Сандык чыгаруу методдору P. Jami, E. Hashemizadeh (2021), Т. Т. Каракеевдин (2004) эмгектеринде изилденген.

Муну менен катар, Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелери аз изилденген, аларды сандык чыгаруу өнүккөн эмес. Ал эми интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция интегралдоо кесиндисинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурун регулярдаштыруу методдору жана сандык чыгаруу али изилдене элек.

Бул диссертация интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекитинде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык тендемелеринин жана алардын системаларынын чыгарылыштарынын жалгыздыгы жана регулярдаштыруу маселелерин изилдөөгө арналган. Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелерин жакындаштырып чыгаруунун сандык методу негизделет.

Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы. Диссертациялык изилдөө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин колдонмо информатика кафедрасында бекитилген «Интегралдык теңдемелерди жакындаштырып чыгаруу ыкмалары» темасынын алкагында жүргүзүлгөн.

Изилдөөнүн максаты жана маселелери. Изилдөөнүн **максаты** болуп интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык тендемелерин, тендемелер системасын регулярдаштыруу жана сандык чыгаруу методдорун изилдөө болуп саналат.

Максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **маселелер** аныкталды:

– интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык тендемелеринин регулярдаштырылуусун изилдөө;

– интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелеринин чыгарылышынын жалгыздыгын камсыздаган шарттарды белгилөө;

– интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелеринин системаларынын регулярдаштырылуусун изилдөө;

– интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык тендемелерин сандык чыгаруу.

Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы:

– интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелеринин регулярдаштырылуусу далилденди;

– интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелеринин чыгарылышынын жалгыздыгын камсыздаган жетиштүү шарттар белгиленди;

– интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык тендемелеринин системаларынын регулярдаштырылган чыгарылышынын жыйналуучулугу далилденди;

– интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык тендемелердин сандык чыгарылышы алынды, методдун жыйналуучулугу далилденди;

– Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелерин сандык чыгаруу үчүн Delphi тилинде программалардын пакети түзүлдү жана сандык эксперимент жүргүзүлдү.

Алынган жыйынтыктардын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү. Диссертациянын натыйжалары теориялык мүнөзгө ээ жана жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелер үчүн тескери жана локалдык эмес четтик маселелерди регулярдаштырууда жана сандык чыгарууда колдонулушу мүмкүн.

Коргоого сунушталган негизги жоболор:

1. өспөөчү жылмакай функцияга көбөйтүү оператору менен берилген Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу интегралдык теңдемелеринин регулярдаштырылуусун далилдөө;

2. кемибөөчү функцияга көбөйтүү оператору менен берилген Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу интегралдык теңдемелерин регулярдаштыруу шарттарын белгилөө;

3. интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык тендемелеринин регулярдаштырылган чыгарылыштарынын жыйналуучулугун далилдөө;

4. интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелеринин системаларынын регулярдаштырылуусун далилдөө;

5. интегралдын сыртындагы изделүүчү функциянын алдындагы белгилүү функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурунда Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык тендемелеринин сандык чыгарылышынын так чыгарылышка жыйналуучулугун далилдөө.

Изилдөөчүнүн өздүк салымы. Маселенин коюлушу жана алынган жыйынтыктарды талкуулоо илимий жетекчинин түздөн - түз катышуусунда жүргүзүлдү. Диссертацияны изилдөөнүн жыйынтыктары автор аркылуу алынды.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо. Изилдөөнүн жыйынтыктары төмөндөгүдөй конференцияларда баяндалды:

– КР УИАнын «Старт в большую науку» илимий - практикалык конференциясында. Бишкек, 2013ж;

– «X mezinárodní vědecko - praktická Konference, Praha, 2013/2014;

– V Congress of the TURKIC WORLD MATHEMATICIANS, Kyrgyzstan, “Issyk-Kul Aurora”, 2014;

– «XXI кылымдын илими: жаңы мамиле» ЖОЖдор аралык илимий - практикалык конференциясында, Бишкек, 2014 ж.;

– 1st European-Middle Asian Conference on Computer Modelling, Kyrgyzstan, Issyk-Kul, 2015;

– КР УИАсынын Математика институтунун 35-жылдыгына арналган «III Бөрүбаевдик окуулар» эл аралык конференциясында. Бишкек, 2019 ж.;

– Академик А. А. Бөрүбаевдин 70-жылдыгына арналган «Бүгүнкү математиканын көйгөйлөрү жана анын колдонуулары» эл аралык илимий конференциясында. Бишкек, 2021 ж.

Жарыкка чыккан басылмалардагы диссертациянын жыйынтыктарынын чагылдырылышынын толуктугу.

Диссертациянын негизги жыйынтыктары колдонулган адабияттардын тизмесинде келтирилген 13 илимий [1] - [13] макалаларда жарык көргөн. [5] макала Scopus базасына, [6] - [13] макалалар РИНЦ базасына кирет. Биргелешип жазылган макалаларда маселенин коюлушу илимий жетекчиге, алынган жыйынтыктар жана аларды баалоо изилдөөчүгө таандык. [3, 5, 13] макалаларда маселенин коюлушу илимий жетекчиге, Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык тендемелеринин өспөөчү коэффициенттик функция болгон учуру авторго тиешелүү.

Диссертациянын түзүмү жана көлөмү. Диссертация шарттуу белгилөөлөрдүн тизмегинен, киришүүдөн, бөлүмдөрдөн турган төрт баптан, корутундулардан жана тыянактардан, 72 аталышты камтыган колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Теорема, формула, натыйжа, лемма, мисалдарды номурлоо - үчтүк номурлоодон: биринчи цифра – баптын номерин, экинчи цифра – баптагы бөлүмдүн номерин, үчүнчү цифра – бөлүмдөгү катар номурду көрсөтөт. Иштин көлөмү 150 бет.

ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Биринчи бап «АДАБИЯТТАРДЫН ОБЗОРУНДА» Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык теңдемелери боюнча башка авторлордун эмгектеринин жыйынтыктары, ошондой эле Вольтерранын үчүнчү түрдөгү интегралдык теңдемелерине келтириле турган жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелер үчүн локалдык эмес четтик маселе жана тескери маселелерди изилдөөлөрдүн жыйынтыктары берилген.

Экинчи бап «ВОЛЬТЕРРАНЫН ҮЧҮНЧҮ ТҮРДӨГҮ ИНТЕГРАЛДЫК ТЕҢДЕМЕЛЕРИН РЕГУЛЯРИЗАЦИЯЛООДО» үзгүлтүксүз функциялар классында өсүүчү эмес жылмакай функцияга көбөйтүү оператору жана кемүүчү эмес функцияга көбөйтүү оператору менен берилген Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык теңдемелеринин чыгарылышынын жалгыздыгы жана аны регулярдаштыруу маселелерине; Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык теңдемелеринин интегралдоо кесиндисинин ички чекиттеринде изделип жаткан функциянын алдындагы белгилүү функция (коэффициенттик функция) нөлгө айланган учуруна арналган.

2.1. бөлүмдө

$$p(x)u(x) + \int_0^x K(x,t)u(t)dt = g(x), \;\; x \in [0,b], \qquad (1)$$

сызыктуу теңдемеси каралат жана анын чыгарылышы $C[0,b]$ мейкиндигинде жатат деп болжолдонот. Төмөнкүдөй шарттарда $p(x)$, $g(x)$, $K(x,t)$ функциялары берилсин:

а) $g(x) \in C\,[0,b],\;\; K(x,t) \in C(D),\;\; K(x,x) \geq 0, D = \{(x,t)/0 \leq t \leq x \leq b\}$;

б) $p(x) \in C^1[0,b], \quad p(b) = 0,\; p(x) > 0, \forall x \in [0,b)$;

$p(x)$ – өспөөчү функция,

в) $G(x) \geq d_1, G(x) = C_0 p^2(x) + \big(1 + C_1 g(x)\big)K(x,x), 0 < C_0, C_1, d_1 = const$;

г) $\theta_1 G(x) + p'(x) \geq 0, \quad 0 < \theta_1 < 1.$

$I + C_0 J + C_1 T$ оператору аркылуу (1) теңдемени өзгөртөбүз, мында I - бирдик оператор, J и T – Вольтерранын төмөнкүдөй операторлору

$$(Jv)(x) = \int_0^x p(t)v(t)dt, \qquad (Tv)(x) = \int_0^x K(t,t)u(t)v(t)dt.$$

Анда төмөнкү теңдемени алабыз

$$p(x)u(x) + \int_0^x G(t)u(t)dt = \int_0^x L(x,t)u(t)dt +$$

$$+C_1 \int_0^x p_0(t)u^2(t)dt + C_1 \int_0^x u(t)dt \int_t^x K_0(s,t)u(s)ds + f(x), x \in [0,b], \qquad (2)$$

мында

$$p_0(x) = p(x)K(x,x), \qquad L(x,t) = K(t,t) - K(x,t) - C_0 \int_t^x p(s)K(s,t)ds,$$

$$K_0(x,t) = K(x,x)K(x,t), \qquad f(x) = g(x) + C_0 \int_0^x p(t)g(t)dt.$$

(2) теңдеме менен катар (0,1) интервалынан алынган ε кичине параметрлүү теңдемелердин системасы каралат

$$\big(\varepsilon + p(x)\big)u_\varepsilon(x) + \int_0^x G(t)\, u_\varepsilon(t)dt = \int_0^x L(x,t)\, u_\varepsilon(t)dt + C_1 \int_0^x p_0(t)\, u_\varepsilon^2(t)dt +$$

$$+C_1 \int_0^x u_\varepsilon(t)dt \int_t^x K_0(s,t)\, u_\varepsilon(s)ds + \varepsilon u(0) + f(x), \quad x \in [0,b],$$

жана ал ядронун резвольвентасы $\Big(-G(t)/\big(\varepsilon + p(x)\big)\Big)$ аркылуу өзгөртүлөт

$$u_\varepsilon(x) = -\frac{1}{\varepsilon + p(x)} \int_0^x exp\left(-\int_t^x \frac{G(s)}{\varepsilon + p(s)} ds\right) \frac{G(t)}{\varepsilon + p(t)} \left\{\int_0^t [L(t,s)\, u_\varepsilon(s)ds - \right.$$

$$- \int_0^x L(x,s)u_\varepsilon(s)ds - C_1 \int_t^x p_0(s)u_\varepsilon^2(s)ds + C_1 \int_0^t u_\varepsilon(s)ds \int_s^t K_0(\nu,s) \times$$

$$\left. \times u_\varepsilon(\nu)d\nu - C_1 \int_0^x u_\varepsilon(s)ds \int_s^x K_0(\nu,s)\, u_\varepsilon(\nu)d\nu + f(t) - f(x) \right\} dt + \frac{1}{\varepsilon + p(x)} \times$$

$$\times exp\left(-\int_0^x \frac{G(s)}{\varepsilon + p(s)} ds\right) \left\{\int_0^x L(x,t)\, u_\varepsilon(t)dt + C_1 \int_0^x p_0(t)\, u_\varepsilon^2(t)dt + \right.$$

$$\left. +C_1 \int_0^x u_\varepsilon(t)dt \int_t^x K_0(s,t)\, u_\varepsilon(s)ds + \varepsilon u(0) + f(x) \right\}. \qquad (3)$$

Белгилөөлөрдү киргизебиз

$\Omega[0,b] = \{\, u(x) \in C[0,b] \colon |u(x) - u_0| \le r_0, \quad 0 < u_0,\ r_0 = const\}$;

$q = 2\big(L_k b d_1^{-1} + C_1 r (L_k b^2 + 2M_0)\big)\theta_2^{-2} + 2M_0\big((C_1 r + C_0 b) + L_k C_0 b^3\big) \times$
$\times (1 + \theta_2^{-1}) + \big(L_k b(C_1 br + (1 + C_0 P_1 b/2)d_1^{-1}) + C_0 P_1 b + 2C_1 r(P_1 + M_0)\big) \times$

$$\times (\theta_2 e)^{-1}, \ \ 0 < \theta_2 < 1, \qquad P_1 = \max_{x\in[0,b]} |p(x)|, \quad M_0 = \max_{x\in[0,b]} \left|\int_0^x |K(t,t)|dt\right|,$$

$0 < L_K - K(x,t)$ ядросунун x аргументи боюнча Липшица коэффициенти.

2.1.1 - теорема. *а) - в),* $q < 1$ шарттары аткарылсын жана (1) теңдеме $u(x) \in C[0,b]$ чыгарылышына ээ болсун. Анда (3) теңдеменин чыгарылышы $\varepsilon \to 0$ умтулганда (1) теңдеменин чыгарылышына жыйналат жана төмөнкү барабарсыздык аткарылат

$$\|u_\varepsilon(x) - u(x)\|_{\Omega[0,b]} \le \Big(\big(3\varepsilon + 4d_3\varepsilon^{1-\beta}\big)\|u(x)\|_{\Omega[0,b]} + d_4\omega_u\big(\varepsilon^\beta\big)\Big)/(1-q).$$

2.1.1-натыйжа. 2.1.1 - теореманын шарттары аткарылганда (1) теңдеменин чыгарылышы $\Omega[0,b]$ да жалгыз.

Эгерде $G(x) = C_0 p^2(x) + K(x,x) \geq d_1$, болсо, анда $C_1 = 0$ деп белгилеп, (2) жана (3) коюп төмөнкү барабарсыздыкты алабыз

$$|u_\varepsilon(x)| \leq M_1 \int_0^x |u_\varepsilon(t)|\, dt + \varepsilon |u(0)| + M_1, \qquad 0 < M_1 = const.$$

Бул баалоодон *а), б)* шарттары аткарылганда (1) тендеменин регулярдашуусу жана $C[0,b]$ мейкиндигинде чыгарылышынын жалгыздыгы келип чыгат.

2.2-бөлүмдө Вольтерранын кемибөөчү функцияга көбөйтүү оператору менен берилген (1) үчүнчү түрдөгү сызыктуу интегралдык теңдемесин регулярдаштыруу методу негизделген, мында $g(x)$, $K(x,t)$ берилген функциялары үчүн 2.1.-параграфтагы *а)* жана *в)* шарттары сакталат, ал эми белгилүү $p(x)$ функциясы үчүн төмөнкү шарт аткарылат:

д) $p(x) \in C[0,b]$, $p(0) = g(0) = 0$, $p(x) > 0$, $\forall x \in (0,b]$,

$p(x)$- кемибөөчү функция.

(3) теңдеменин чыгарылышы (1) теңдеменин чыгарылышына бир калыпта жыйналгандыгы баалоо аркылуу белгиленди

$$\|u_\varepsilon(x) - u(x)\|_{C[0,b]} \leq \left(4(d_1 e)^{-1} \varepsilon^{1-\beta} \|u(x)\|_{C[0,b]} + \omega_u\left(\varepsilon^\beta\right)\right)/(1-q)$$

мында

$$\omega_u\left(\varepsilon^\beta\right) = \sup_{|x-t| \leq \varepsilon^\beta} |u(x) - u(t)|, \qquad 0 < \beta < 1.$$

2.3 - бөлүмдө Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу интегралдык теңдемелериндеги коэффициенттик функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учуру каралат. $p(x)$, $K(x,t)$, $g(x)$ белгилүү функциялары төмөнкү шарттарга баш ийишсин:

$$p(x) = \begin{cases} p_1(x), & x \in [0,b_1], \\ p_2(x), & x \in [b_1,b], \end{cases} \qquad g(x) = \begin{cases} g_1(x), x \in [0,b_1], \\ g_2(x), x \in [b_1,b], \end{cases}$$

е) $g_1(x) \in C[0,b_1]$, $g_2(x) \in C[b_1,b]$, $g_1(b_1) = g_2(b_1)$;

ж) $p_1(x) \in C^1[0,b_1], p_1(b_1) = 0$, $p_1(x) > 0$, $\forall x \in [0,b_1), p_1(x)$ - өспөөчү функция, $p_2(b_1) = 0$, $p_2(x) > 0$, $\forall x \in (b_1,b]$, $p_2(x)$ - кемибөөчү функция

з) $G_1(x) \geq d_1$, $G_2(x) \geq d_2$, $G_1(x) = C_0 {p_1}^2(x) + \left(1 + C_1 g_1(x)\right) K(x,x)$,

$G_2(x) = C_2 {p_2}^2(x) + \left(1 + C_3 g_2(x)\right) K(x,x), 0 < C_j, d_1 d_2 = const, j = 0..3$

$x \in [0,b_1]$ болсун. Анда (1) теңдемеден төмөнкүнү алабыз

$$p_1(x) z(x) + \int_0^x K(x,t) z(t) dt = g_1(x), \quad x \in [0,b_1]. \tag{4}$$

Эгерде $x \in [b_1,b]$ болсо, анда (1) теңдеме төмөндөгү тендемеге өзгөрөт

$$p_2(x)y(x) + \int\limits_{b_1}^{x} K(x,t)y(t)dt = g_2(x) - \int\limits_{0}^{b_1} K(x,t)z(t)dt\,, x \in [b_1, b].\ (5)$$

$x = b_1$ болгондо $g_1(b_1) = g_2(b_1)$ шартын эске алып (8) тендемеден $g_2(b_1) - \int_0^{b_1} K(b_1,t)y(t)dt = 0$ барабардыгын алабыз. $z(b_1) = y(b_1)$ барабардыгы аткарылсын деп эсептейли.

(4) тендемени $I + C_0 J + C_1 T$ оператору аркылуу өзгөртөбүз

$$p_1(x)z(x) + \int\limits_0^x G_1(t)z(t)dt = \int\limits_0^x L(x,t)z(t)dt + C_1 \int\limits_0^x p_0(t)z^2(t)dt \ +$$

$$+C_1 \int\limits_0^x z(t)dt \int\limits_t^x K_0(s,t)z(s)ds + F_1(x), \quad x \in [0, b_1], \qquad (6)$$

мында $L(x,t) = K(t,t) - K(x,t) - C_0 \int\limits_t^x p_1(s)K(s,t)ds,$

$p_0(x) = p_1(x)K(x,x), \quad K_0(x,t) = K(x,x)K(x,t),$

$F_1(x) = g_1(x) + C_0 \int\limits_0^x p_1(t)g_1(t)dt\,.$

Ушундай эле (5) тендемени да өзгөртөбүз

$$p_2(x)y(x) + \int\limits_{b_1}^x G_2(t)y(t)dt = \int\limits_{b_1}^x L_2(x,t)y(t)dt + C_3 \int\limits_{b_1}^x p_4(t)y^2(t)dt +$$

$$+C_3 \int\limits_{b_1}^x y(t)dt \int\limits_t^x K_0(s,t)y(s)ds + C_3 \int\limits_{b_1}^x B(t)y(t)dt + F_2(x), x \in [b_1, b], (7)$$

$$p_4(x) = p_2(x)K(x,x), \quad L_2(x,t) = K(t,t) - K(x,t) - C_2 \int\limits_t^x p_2(s)K(s,t)ds,$$

$$F_2(x) = g_2(x) + C_2 \int\limits_{b_1}^x p_2(t)g_2(t)dt - \int\limits_0^{b_1} K(x,t)z(t)dt - C_2 \int\limits_{b_1}^x \int\limits_0^x p_2(t) \times$$

$$\times K(t,s)z(s)dsdt, \qquad K_0(x,t) = K(x,x)K(x,t), \quad B(x) = \int\limits_0^{b_1} K_0(x,t)z(t)dt.$$

(6) тендеме үчүн $\varepsilon \in (0,1)$ кичине параметрлүү тендемени карайбыз

$$\left(\varepsilon+p_1(x)\right)z_\varepsilon(x)+\int_0^x G_1(t)\,z_\varepsilon(t)dt=\int_0^x L(x,t)\,z_\varepsilon(t)dt+C_1\int_0^x p_0(t)z_\varepsilon^2(t)dt\ +$$

$$+C_1\int_0^x z_\varepsilon(t)dt\int_t^x K_0(s,t)z_\varepsilon(s)ds+\varepsilon z(0)+\ F_1(x),\quad x\in[0,b_1]\qquad(8)$$

жана (7) тендеме үчүн $\varepsilon\in(0{,}1)$ кичине параметрлүү теңдемени киргизебиз

$$\left(\varepsilon+p_2(x)\right)y_\varepsilon(x)+\int_{b_1}^x G_2(t)y_\varepsilon(t)dt=\int_{b_1}^x L_2(x,t)y_\varepsilon(t)dt+C_3\int_{b_1}^x p_4(t)\,y_\varepsilon^2(t)dt+$$

$$+C_3\int_{b_1}^x y_\varepsilon(t)dt\int_t^x K_0(s,t)\,y_\varepsilon(s)ds+C_3\int_{b_1}^x B(t)y_\varepsilon(t)dt+\varepsilon y_\varepsilon(b_1)+F_2(x).\quad(9)$$

Төмөндөгүдөй аныкталган (1) тендеменин чыгарылышы $u(x)$ үчүн

$$u(x)=\begin{cases}z(x), & x\in[0,b_1],\\ y(x), & x\in[b_1,b], \qquad z(b_1)=y(b_1),\end{cases}\qquad(10)$$

$z(x)$ - (4) тендеменин чыгарылышы, $y(x)$ - (5) тендеменин чыгарылышы; регулярдашкан чыгарылышы $u_\varepsilon(x)$ төмөнкүдөй түзүлөт:

$$u_\varepsilon(x)=\begin{cases}z_\varepsilon(x), & x\in[0,b_1],\\ y_\varepsilon(x), & x\in[b_1,b], \qquad z_\varepsilon(b_1)=y_\varepsilon(b_1),\end{cases}\qquad(11)$$

$z_\varepsilon(x)$ - (8) тендеменин чыгарылышы, $y_\varepsilon(x)$ - (9) тендеменин чыгарылышы.

2.3.1-теорема. *в), е) - з)*, $q=max(q_1,q_2)<1$ шарттары аткарылсын жана (1) тендеме $u(x)\in C[0,b]$ чыгарылышына ээ болсун. Анда $\varepsilon\to0$ болгондо (11) эреже боюнча аныкталган $u_\varepsilon(x)$ регулярдашкан чыгарылышы (1) тендеменин (10) эреже боюнча аныкталган чыгарылышына $-u(x)$ функциясына бир калыпта жыйналат.

$q_1,\ q_2$ – турактуу сандар белгилүү функциялар аркылуу эсептелет.

2.3.1-натыйжа. 2.3.1-теореманын шарттары аткарылса (1) тендеменин чыгарылышы $\Omega[0,b]$ да жалгыз болот.

2.3.1-мисал. Белгилүү функциялар төмөнкүдөй түрдө берилсин:

$p_1(x)=\frac{1}{3}cos\pi x,\quad x\in\left[0;\ \frac{1}{2}\right],\quad p_2(x)=(4x^2-1)^2,\quad x\in\left[\frac{1}{2};\ 1\right],$

$p_1\left(\frac{1}{2}\right)=p_2\left(\frac{1}{2}\right)=0;$

$g_1(x)=\frac{1}{3}\left(\frac{3}{4}+x^2\right)cos\pi x+\frac{15x}{4}-\frac{147x^2}{80}+\frac{5x^3}{3}-\frac{149x^4}{120},\qquad x\in\left[0;\ \frac{1}{2}\right];$

$g_2(x)=(4x^2-1)^2 sin\pi x+\frac{5(x-1)}{\pi}cos\pi x-\frac{51}{10\pi^2}sin\pi x+\frac{51}{10\pi^2}+\frac{x}{24}+\frac{2929}{1920},$

$x\in\left[\frac{1}{2};\ 1\right],\qquad g_1\left(\frac{1}{2}\right)=g_2\left(\frac{1}{2}\right)=\frac{2969}{1920};$

$K(x,t)=\frac{x-t}{10}+5(1-t),\quad 0\le t\le x\le 1.$

Эгерде $x \in \left[0; \frac{1}{2}\right]$, анда $z(x) = \frac{3}{4} + x^2$ тендеменин так чыгарылышы болот жана $C_0 = 0.1$, $C_1 = 0.004$ болгондо $q_1 = 0.942$,
$G_1(x) = 0,1\left(\frac{1}{3}cos\pi x\right)^2 + 5(1-x)\left(1 + 0,004g_1(x)\right) \geq d_1 = 2.515$ жана

$x \in [\frac{1}{2}; 1]$ болгондо $y(x) = sin\pi x$ тендеменин так чыгарылышы болот. Эгерде $C_2 = 0.02, C_3 = 0.008$, анда $q_2 = 0.997$,
$G_2(x) = 0.02(4x^2-1)^4 + 5\left(1 + 0.008g_2(x)\right)(1-x) \geq d_2 = 1.026$ болот.

2.4.-бөлүмдө Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу эмес интегралдык теңдемелеринин коэффициенттик функциясы кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учуру каралат

$$p(x)u(x) + \int_0^x N_0\big(x,t,u(t)\big)dt = g(x), \qquad (12)$$

мында $N_0\big(x,t,u(t)\big) = K(x,t)u(t) + N\big(x,t,u(t)\big)$.
$p(x)$, $K(x,t)$, $g(x)$ белгилүү функциялары үчүн *а)-г)* шарттары (§2.3), ал эми $N\big(x,t,u(t)\big)$ берилген функция үчүн төмөнкүдөй шарттар аткарылсын:
д) $N(x,t,u) \in C(D_2)$, $D_2 = D \times R^1$, $D = \{x,t/0 \leq t \leq x \leq b\}$,

$$N(x,x,u) = 0, \quad 0 < L_N = const$$

$$|N(x,s,u) - N(x,s,\omega) - N(t,s,u) + N(t,s,\omega)| \leq L_N(x-t)|u-\omega|.$$

2.2 - бөлүмдөгү жыйынтыктар тендеменин сызыктуу эмес учуру үчүн жалпыланды. 2.3 - бөлүмдө түзүлгөн регулярдаштыруу (12) сызыктуу эмес тендеме үчүн колдонулушу көрсөтүлдү. Тендеменин регулярдашкан чыгарылышынын тендеменин так чыгарылышына бир калыпта жыйналуучулугу жөнүндө теорема далилденди, чыгарылыштын $\Omega[0,b]$ мейкиндигинде жалгыздык шарты белгиленди.

Үчүнчү бапта «ВОЛЬТЕРРАНЫН ҮЧҮНЧҮ ТҮРДӨГҮ ИНТЕГРАЛДЫК ТЕНДЕМЕЛЕРИНИН СИСТЕМАЛАРЫН РЕГУЛЯРДАШТЫРУУ» өспөөчү жылмакай функцияга көбөйтүү оператору жана кемибөөчү функцияга көбөйтүү оператору менен берилген Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык теңдемелеринин системалары изилденет. Үзгүлтүксүз функциялардын классында Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу жана сызыктуу эмес интегралдык тендемелеринин системаларынын коэффициенттик функция кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учурундагы чыгарылышынын жалгыздыгы жана регулярдаштыруунун жетиштүү шарттары белгиленди.

3.1-бөлүмдө Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу интегралдык теңдемелер системасын регулярдаштыруу каралат

$$p(x)u(x) + \int_0^x K(x,t)u(t)dt = g(x), \quad x \in [0,b]. \tag{13}$$

3.1.1. Изделүүчү функция болуп $u(x) \in C_n[0,b]$ вектор-функциясы эсептелет, ал эми берилген $g(x)$ вектор-функциясы, $K(x,t)$ - $n\times n$ матрицалык функциясы жана $p(x)$ скалярдык функциясы үчүн төмөнкү шарттар аткарылсын:

А) $g(x) \in C_n[0,b], \quad g(x) = colon\big(g_1(x), \ldots, g_n(x)\big);$

Б) $K_{i,j}(x,t) \in C(D), \quad D = \{(x,t)/\ 0 \le t \le x \le b\}, \ i,j = \overline{1,n};$

В) $p(x) \in C^1[0,b], \ p^{(i)}(b) = 0, \quad i = 0,1, \qquad p(x) > 0, \forall x \in [0,b), \ p(x)$- өспөөчү скалярдык функция;

Г) $G(x) - \ n\times n -$ матрицалык функция,

$$G_{ij}(x) = \begin{cases} K_{i,j}(x,x), & j \ne i, \\ C_0 p^2(x) + \big(1 + C_1 g_i(x)\big)K_{i,i}(x,x), & i = j, \quad i,j = \overline{1,n}; \end{cases}$$

$\|G(x)\| \le C_4\lambda(x), \quad \lambda(x) \ge d_1, \quad \theta_1\lambda(x) + C_0 p(x) \ge 0,$

$0 < \theta_1 < 1, \quad 0 < d_1, C_j = const, \ j = 0,1,2$;

$\lambda(x) = \min\limits_{1\le i\le n} \lambda_i(x)$, $\lambda_i(x)(i = \overline{1,n})$– $[G(x) + G^*(x)]/2$ матрицанын өздүк маанилери, $G^*(x)$ – $G(x)$ матрицага түйүндөш матрица.

(13) теңдемелер системасын $I + C_0 J + C_1 T$ оператору аркылуу өзгөртөбүз. Анда төмөнкү теңдемелер системасын алабыз

$$p(x)u(x) + \int_0^x G(t)u(t)dt = \int_0^x L(x,t)u(t)dt +$$

$$+C_1 \int_0^x P_0(t)u^2(t)dt + C_1 \int_0^x \int_t^x (Bu)(s,t)u(t)dsdt + F_1(x), x \in [0,b], \tag{14}$$

$u^2(x) = colon[u_1^2(x), \ldots, u_n^2(x)], \quad P_0(x) = p(x)diag\big(K_{11}(x,x), \ldots, K_{nn}(x,x)\big),$

$$F_1(x) = g(x) + C_0 \int_0^x p(t)g(t)dt,$$

$$(Bu)(x,t) = \Big(K_{ii}(x,x)K_{ij}(x,t)u_i(x)\Big), \quad i,j = \overline{1,n},$$

$$L(x,t) = K(t,t) - K(x,t) - C_0 \int_t^x p(s)K(s,t)ds.$$

$\varepsilon \in (0,1)$ кичине параметрлүү теңдемелердин системасы каралат

$$\big(\varepsilon + p(x)\big)u_\varepsilon(x) + \int_0^x G(t)u_\varepsilon(t)dt = \int_0^x L(x,t)u_\varepsilon(t)dt + C_1 \int_0^x P_0(t) \times$$

$$\times u_\varepsilon^2(t)dt + C_1\int_0^x\int_t^x (Bu_\varepsilon)(s,t)u_\varepsilon(s)dsdt + \varepsilon u(0) + F_1(x), x \in [0,b]. \quad (15)$$

3.1.1-теорема. *А) - Г),* $q < 1$ шарттары аткарылсын жана (13) теңдемелер системасы $u(x) \in C_n[0,b]$ чыгарылышына ээ болсун. Анда (15) теңдемелер системасынын чыгарылышы (13) теңдемелер системасынын чыгарылышына бир калыпта жыйналат жана төмөнкү барабарсыздык аткарылат

$$\|u_\varepsilon(x) - u(x)\|_{C_n[0,b]} \le$$
$$\le \left(\left(N_1\varepsilon + N_2\varepsilon^{1-\beta}\right)\|u(x)\|_{C_n[0,b]} + d_2C_4\sqrt{n}\omega_u\left(\varepsilon^\beta\right)\right)/(1-q_1),$$

мында $N_1 = (2+M_1)\sqrt{n}$, $N_2 = 2N_1C_4/(\theta_2^2 d_1 e)$, $d_2 = 1 + \theta_2^{-1}, \theta_2 = 1 - \theta_1$,
$\omega_u\left(\varepsilon^\beta\right) = \sup\limits_{|x-t|\le\varepsilon^\beta} \|u(x) - u(t)\|_{C_n[0,b]}, \quad 1/2 \le \beta < 1,$
$M_1 = \max\limits_{[0,1]}|p''(x)|, \quad 0 < N_3 = const.$

3.1.1-натыйжа. Эгерде 3.1.1 - теореманын шарттары орун алса, анда (13) теңдемелер системасы $\Omega_n[0,b]$да жалгыз**.**

3.1.2. пунктта *А), Б)* жана *Г)* шарттары сакталганда жана төмөнкү шарттар аткарылганда:

Д) $p(x) \in C[0,b]$, $p(0) = 0$, $p(x) > 0$, $\forall x \in (0,b]$, $p(x)$- скалярдык кемибөөчү функция, (15) тендемелер системасынын чыгарылышынын (13) тендемелер системасынын чыгарылышына бир калыпта жыйналуучулугу далилденди.

3.2-бөлүмдө Вольтерранын үчүнчү түрдөгү сызыктуу интегралдык теңдемелер системасынын коэффициенттик функциясы кесиндинин ички чекиттеринде нөлгө айланган учуру каралат.

Берилген $g(x)$ вектор-функциясы, $K(x,t) - n\times n$ матрицалык функциясы жана $p(x)$ скалярдык функциясы үчүн төмөнкү шарттар аткарылсын:

Е) $g(x) = \begin{cases}\mu(x), \ x \in [0,b_1], \\ \varphi(x), \ x \in [b_1,b],\end{cases}$ $\mu(b_1) = \varphi(b_1)$, $\mu(x) \in C_n[0,b_1]$, $\varphi(x) \in C_n[b_1,b]$;

